## 2. Коргоо объектилерин жылытуудагы өрт коопсуздугу

**1.** От жагуучу сезон башталар алдында мештерди, буу казандарын, жылуулук генераторлорун, калорифердик орнотмолорду жана очокторду (каминдер), ошондой эле башка от жагуучу приборлор менен системаларды текшерүү жана оңдоо керек.

Күйүүчү конструкциялардан өрткө каршы бөлүп турган (алыстатылган) жасалгасыз, өлчөмү 0,5х0,7 метрден кем болбогон күйбөй турган материалдан жасалып, от жага турган жерге төшөлө турган темирсиз (жыгач же күйө турган материалдардан жасалган полдо), ошондой эле бөлүп турган жери (алыстатылган) жана от жагыла турган төшөлгөсү күйүп же бузулуп калган учурда мешти жана от жагыла турган приборлорду колдонууга тыюу салынат.

**2.** От жагуучу сезон башталаар алдында, ошондой эле от жагуу сезонунун ичинде морлордун жана мештердин (от жагылуучу приборлорду кошо) көөсүн тазалоо зарыл.

**3.** Буу казандарын жана башка жылуулук берүүчү орнотмолорду пайдаланууда төмөнкүлөргө тыюу салынат:

1) өрт коопсуздугунун чаралары жөнүндө инструкциядан өтпөгөн адамдарды иштетүүгө;

2) мунай продуктыларын жана жабдууларды колдонуунун техникалык шарттарында каралбаган башка тез тутануучу жана күйүүчү суюктуктарды отун катары пайдаланууга;

3) жылуулук бере турган системадан суюк отун тамчылаган (газ чыккан) жылуулук берүүчү орнотмону, ошондой эле от жагылган жердеги жана ичинде отуну бар сыйымдуулуктагы чоргодон суюк отун чыккан учурда мындай жылуулук берүүчү орнотмолорду пайдаланууга;

4) форсункалары же газ күйө турган жерлери бузулганда отунду берүүгө;

5) алдын ала үйлөтпөстөн орнотмону иштетүүгө;

6) даярдаган ишкана тарабынан каралган контролдоочу жана жөнгө салуучу приборлор бузук болгондо же өчүрүлгөндө аны иштетүү;

7) кандайдыр бир күйүүчү материалдарды буу казандарында жана буу өткөргүчтөрүндө кургатууга;

8) түтүн чыгуучу морунун көөсү тазаланбаган катуу отун жагылуучу буу казандарын колдонууга.

**4.** Меш аркылуу от жагып жылытууда төмөнкүлөргө тыюу салынат:

1) от күйүп жаткан мешти кароосуз калтырууга, ошондой эле көзөмөлдөөнү балдарга тапшырууга;

2) отунду, башка күйүүчү заттарды жана материалдарды төшөлгөн темирдин бетине калтырууга;

3) көмүрдү, коксту жана газды отундун бул түрлөрүнө ылайыкталбаган мешке жагууга;

4) желдеткич жана газ каналдарын мор катары пайдаланууга;

5) мешти ашыкча какшытууга.

**5.** Имарат-жайларда (турак үйлөрдү кошпогондо) мешке от жагуу иш бүтөрүнө 2 саат калгандан кечиктирилбестен, ал эми адамдар сутка бою боло турган ооруканаларда жана башка коргоо объектилеринде оорулуулар уктарына 2 саат калганда токтотулууга тийиш.

Scanner App Lite

Мештен чыккан күл менен шлак суу куюп өчүрүлүп, атайын бөлүнгөн жерге төгүлүүгө тийиш.

**6.** Товарлар, текчелер, витриналар, прилавкалар, шкафтар жана башка жабдуулар мештен 0,7 метрден жакын эмес жерге, ал эми мештин оозунан 1,25 метрден кем эмес жерге жайгаштырылат.

Металл мештерди колдонгон учурда жабдуулар мештен 2 метрден кем эмес аралыкка жайгаштырылууга тийиш.

**7.** Уюмдун жетекчиси түтүн чыккан морлордун жана дубалдын түтүн өткөн беттерин актатат.

**8.** Жылуулук өткөрүүчү аппараттарды колдонууда төмөнкүлөргө тыюу салынат:

1) жылуулук өткөн жерлерден жылчык чыккан аппаратта жана анын ачып-жаап турган клапаны бузук болгондо, форсунканын корпусунун жылуулукту айдоочу аппарат менен кошулган жерлеринен жылчык чыкканда, морлору, электр кыймылдаткычтары жана коргой турган аппараттары бузук болгондо, ошондой эле электр кыймылдаткычынын ысыктан коргоочусу болбогондо жана башка бузуктарда иштөөгө;

2) отун куюлган бактары ачык аппаратта иштөөгө;

3) жөнгө салынбаган форсунка менен (отунду берүүсү бузулган) иштегенде;

4) аппараттын жана отун куюлган бактардын жанына күйгүчтүгү Г3-Г4 тобундагы материалдан тосмо коюуга. Материалдардын күйгүчтүк тобунун классификациясы, "Өрт коопсуздугун камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен, жана тиешелүү курулуш ченемдер жана эрежелер менен аныкталат;

5) отун өткөн түтүктөрдү ачык жалын менен жылытууга;

6) жумушчу аралашманы карай турган тешикче аркылуу тамызууга;

7) жылуулукту айдаган аппарат иштеп жатканда шамдардын электроддорунун ортосундагы жылчыкты жөнгө салууга;

8) аба тарткан коллекторлордун коргоочу торчосу болбогондо жана бузулганда жылуулук айдоочу аппаратты иштетүүгө;

9) жылуулук айдоочу аппарат иштеп жатканда кароосуз калтырууга;

10) жылуулук айдоочу аппараттарды пайдалануу шартын бузууга, аларды бул максат үчүн ыңгайлашпаган жайга (жерге) жайгаштырууга.

**9.** Белги бергичи жана желдеткичи иштебеген учурда жылытуучу элементтерге электр кубатын берүүнү токтоткон бекиткичи жана электрика менен жылуулук коргоосу тарабынан каралган чыгып турган абанын температурасын башкарган автоматикасы оң абалда гана электр калориферлерди колдонууга жол берилет.

**10.** Калориферлерди пайдаланууда төмөнкүлөргө тыюу салынат:

1) белги бергичин жана бөгөт койгучун өчүрүүгө;

2) электр калориферинин корпусу менен вентилятордун ортосундагы жумшак кыпчытка үчүн күйүүчү материалдарды колдонууга;

3) электр калориферинен чыккан абаны аны даярдаган завод жол бергендегиден ашкан температурага жогорулатууга;

4) желдеткич иштебей калганда электр калориферин иштетүүгө (бөгөлүп калганын орнотмону иштетер алдында ар жолу текшерип туруу керек);

5) кийим-кечекти же башка күйүүчү материалдарды электр калориферинде же ага жакын жерде кургатууга.

Scanner App Lite

**Илимий жана билим берүү уюмдарынын, ошондой эле мектепке чейинки билим берүүчү балдар мекемелеринин өрт коопсуздугун камсыз кылуунун өзгөчөлүктөрү**

1. Лабораторияларда сменалык керектоодон ашпаган өлчөмдө тез от алган жана күйүүчү суюктуктарды сактоого уруксат берилет. Суюктуктар имарат-жайларга жабык, коопсуз идиштер менен жеткирилет.

2. Эгерде соруучу шкафта аткарыла турган операцияларга тиешеси жок заттар, материалдар жана жабдуулар болсо, ошондой эле ал бузулса жана желдетүү системасы иштебесе, мындай шкафта иш жүргүзүүгө тыюу салынат.

3. Тез от алуучу заттар менен иш жүргүзүлүп жаткан сормо шкафтардын жыгач бөлүктөрү оттон коргоочу лак менен сырдалат же күйбөй турган материалдар менен капталат.

4. Жумуш күнү бүткөндөн кийин иштетилген тез от алуучу жана күйүүчү суюктуктар атайын жабык идишке жыйналат жана андан ары бир ишке жаратуу үчүн лабораториядан алынып кетет.

Тез от алган жана күйүүчү суюктуктарды канализацияга төгүүгө тыюу салынат.

5. Тез от алуучу жана күйүүчү суюктуктар куюлган идиштер тажрыйба жүргүзүлгөндөн кийин өрт коопсуздугун чыгарбаган эритмелер менен жуулат.

6. Мектептердин жана мектепке чейинки билим берүүчү мекемелердин терезелерине жана балдар түнкүсүн боло турган имараттарга металл торлорду орнотууга тыюу салынат.

7. Окуу-өндүрүштүк устаканаларды өрткө каршы каптамы бар жана түздөн-түз тышка чыга турган эки эшиги бар жер төлөлөргө жайгаштырууга уруксат берилет.

8. Жалпы билим берүүчү, мектепке чейинки мекемелерде асма шып каптамдарын жасоого, ошондой эле дубалдарды күйгөн учурда уулуу заттарды бөлүп чыгара турган материалдар менен каптоого тыюу салынат.

Курулуш материалдарын күйүүчүлүгү жана күйгөн мезгилде уулуулугу боюнча классификациялоо "Өрт коопсуздугун камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен аныкталат.

9. Тейлөөчү персоналдын жашашына жана окуу жайларда турак жай үчүн ыңгайлаштырууга имараттын калган бөлүгүнөн өрткө каршы тосмолор, дубалдар же бөгөттөр менен бөлүнгөн жана өзүнүн тышка чыга турган эшиги бар жайларда гана уруксат берилет.

10. Тез от алган жана күйүүчү суюктуктарды, пиротехникалык заттарды балдар окуй турган жана мектепке чейинки имараттарда сактоого тыюу салынат.

11. Көп кабаттуу имараттардын биринчи кабаттарындагы окуу жана балдар мекемелерине кенже балдарды жайгаштыруу зарыл.

12. Класстарга, кабинеттерге, устаканаларга, уктоо бөлмөлөрүнө, ашканаларга жана калган бөлмөлөргө эмерек коюуда адамдарды тоскоолсуз эвакуациялоо жана өрт өчүрүүчү каражаттарга жол ачуу камсыз кылынат.

13. Балдар мекемелеринде керебеттердин ортосундагы аралык 0,8 метрден кем эмес, борбордук негизги өткөөлдүн жазылыгы 1,2 метрден кем эмес болушу керек. Тумбочкалар, отургучтар жана керебеттер кирип чыккан жолду тоспоого тийиш.

14. Окуу класстарына жана кабинеттерге окуу процесстерин камсыз кылуу үчүн зарыл болгон гана эмерек, приборлор, моделдер, керектүү буюмдар, окуу куралдары жайгаштырылат. Алар шкафтарда, текчелерде же туруктуу орнотулган жайларда сакталат.

15. Үйдүн чатырын таза кармап жана кулпулоо керек. Анын ачкычы сутканын каалаган учурунда алуу үчүн ыңгайлуу болгон белгилүү бир жерде сакталууга тийиш.

16. Окуу жайларында көрүнүктүү жерге өрткө каршы бурч уюштуруу зарыл. Бурчта мектептин персоналын жана окуучуларды өрт коопсуздугунун чаралары жөнүндө маалымат менен

Scanner App Lite

камсыз кылган плакаттар, окуу жайдын өрт өчүрүүчү дружинасынын тизмеси, өрт учурунда дружинанын мүчөлөрүнүн милдеттери илинип коюлат.

**17**. Балдар сутка бою тарбияланган мектептердин имараттарында жана мектепке чейинки балдар мекемелеринде телефон байланышы менен камсыз кылынган жумушчу персоналдын сутка бою кезмети белгиленет.

Scanner App Lite

## Өрт өчүрүү кызматын чакыруу:

-Кандай болсо дагы өрт өчүрүү кызматына ыкчам кабарлоо керек!

## Эвакуациялоо:

-Окуу жайдагылар айгайды уккандан кийин өздөрүнүн ордуларын таштап,окуу бөлмөсүндөгү жооптуу мугалимдин көрсөтмөсү менен бир-бирден окуу бөлмөсүн таштап,чогулуу аянтчасына жыйналуу керек.Окуу бөлмөнүн жана эвакуациянын жолундагы эвакуация учурунда колдонулбай турган башка бардык эшиктерди жабуу зарыл.

## Чогулуу:

-Мурдатан макулдашылган чогулуу аянтчасына чыгуу керек;

-Чогулуу жайына келип,ар бир окуучу,же адамдардын тобу бөлүнүп,аныкталган жайларды ээлеп,таркап кетпестен ошол жерде болуп туруу керек.

## Атын айтып чакыруу:

-Чогулуу жайына келери менен тезинен атын атап тактоо жүргүзүү керек.

№ 1-эреже:

-Жолдогу бардык эшиктерди жапкыла,муну менен сиз өрттүн жолун торойсуз.(жабык эшик өрттү 15 мүнөткө кармайт.)

№2-эреже:

Өрттөн качып баратып,өрт жөнүндө баардыгына эскертиңиз.

№3-эреже:

-Мугалимге өрт жөнүндө тезинен кабарлаңыз.

№4-эреже:

- Эвакуацияланыңыз.

Scanner App Lite

## Сиздин окуу жайыңызда өрт чыкса эмне кылуу керек?

Окуу жайда адам көп болгондуктан,аларды эвакуация кылуу;Адамдарды эвакуация кылуу,батирди эвакуация кылууга караганда көп убакытты алат.Ошондуктан окуу жайда өрт чыкса,алынган чараларды ыраатты менен колдонуу керек.

Биринчиден-өрттөнүп жаткан бөлмөнүн эшигин жабуу керек.Эгер сиз терезенин сыртында болсоңуз,анда ал бөлмөгө кирүүгө аракет кылбаңыз.Ачык эшик түтүндү чыгарбайт,ошондой эле эвакуация кылууда тоскоолдук жарат.Күтүлбөгөн жерден абанын кириши-өрттүн чоң ылдамдыкта өөрчүшүнө алып келет.Тезинен айгай көтөруп,өрт жөнүндө билдирүү керек.Өрт жөнүндө жакын турган персоналдардын бирине билдириңиз,ал болсо адамдарды тез аранын ичинде окуу жайдын имаратынын эвакуация кылуу чараларын көрөт.Ар би радам милдеттүү түрдө мурдатан макулдашылган чогулуу пунктуна келүүсү керек,ал жерде бардыгы эвакуацияланганын билүү үчүн атын айтып,текшерүү жүргүзүүлүсү шарт.Өрт чыгары менен тез арада «101»телефонуна чалып,өрт өчүрүү кызматына кабарлоо керек.

### Өрт өчүрүү кызматы келгенде биринчи кезекте төмөнкүлөрдү билүү зарыл:

-Өрт кайсы бөлмөдө болуп жатат;

- Имараттагылардын бардыгы эвакуацияланганбы;

Өрт учурунда окуу жайдын имаратынан эвакуациялоонун тартиби:

- Айгай;
- Өрт өчүрүү кызматына кабарлоо;
- Эвакуациялоо;
- Чогулуу;
- Атынан атап,тактоо.

Scanner App Lite

# 3.Тыюу салынат.

-Белгиленбеген жерде тамеки тартууга.

-Тез күйүп кетүүчү материалдарды жылытуу системасынын жанына коюуга.

- Таштанды кагаздарды атайын белгиленбеген жерде жагууга;

- Электр жылыткыч приборлорун жандырылган түрдө кароосуз калтырууга;

-Имараттын коридорлоруна,тепкичтердин астына чарбалык материалдарды мебелдер жана эмеректерди коюуга;

-Бир электр розеткасына ашыра күч келтирип,бир нече электр шаймандарын саюуга;

-Күйүп турган электро лампочкаларын жана светильниктерди тез күйүп кетүүчү материалдар жана кагаздар менен ороого.

## Өрт учурунда эмне кылуу керек?

-Өрт болуп жаткандыгы тууралуу өрткө каршы кызматына **101** телефону аркылуу кабарлоо жана даректи так айтуу;

- Адамдарды сактап,биринчи жардам көрсөтүү;

- Колдо болгон каражаттар менен өрттү өчүрүүгө киришүү;

- Материалдык баалуулуктарды эвакуациялоо.

Scanner App Lite

Качибеков Абдулла атындагы орто мектебинде орт коопсуздугу жана техникалык коопсуздук эрежелери боюнча кызматкерлерге инструктаж өткөрүп түшүндүрүү иштерин жүргүзүү боюнч маалымат.

| Кызматкердин аты жөнү | Өткөрл гөн убагы | колу | Өткөрүл гөн убагы | колу | Өткөрл гөн убагы | колу | Өткөрүл гөн убагы | колу | Өткөрл гөн убагы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Исламов Канимет | 12.01 | | 09. 02 | | 09. 03 | | 13. 04 | | |
| Дыйканбаев Эдилбек | | | | | | | | | |
| Касымалиева Зарылкан | | | | | | | | | |
| Абдыракманова Аида | | | | | | | | | |
| Кожонова Жаңылкан | | | | | | | | | |
| Токтогул у Бакай | 12.01 | | 09.02 | | 09.03 | | | | |
| Күрпүкова Аида | | | | | | | | | |
| Касымалиева Барчын | | | | | | | | | |
| Калыйбек у Аскат | | | | | | | | | |
| Бакыт у Арген | | | | | | | | | |
| Кулукеева Айганыш | | | | | | | | | |
| Исаева Замира | | | | | | | | | |
| Сейталиев Калый | | | | | | | | | |
| Сейталиева Жазгүл | | | | | | | | | |
| Кайдулатова Саламат | | | | | | | | | |
| Бактыбек к Сагида | 12.01 | | 09.02 | | 09.03 | | 13.04 | | |
| Рахимов Бахирдин | | | | | | | | | |
| Исай кызы Анара | | | | | | | | | |
| Арматова Дина | | | | | | | | | |
| Ишенбаева Нургүл | | | | | | | | | |
| Мусилимова Элмира | | | | | | | | | |
| Жакыпова Фарида | 12,01 | | 09,02 | | 09,03 | | 13,04 | | |
| Мусулумов Таабалды | 12,01 | | 09,02 | | 09.03 | | 13,04 | | |
| Ширинкулов Каныбек | | | | | | | | | |
| Мамбетов Уланбек | | | | | | | | | |
| Таабалды уулу Нурбек | 12 01 | | 09 02 | | 09 03 | | 13 04 | | |
| Тилекматова Элмира | | | | | | | | | |
| Абдырахманова Аида | | | | | | | | | |
| Мамбетова Дилбар | | | | | | | | | |
| Кубатбек кызы Мадина | | | | | | | | | |
| Жумаева Шааркан | | | | | | | | | |

Scanner App Lite

**Качибеков Абдулла атындагы орто мектебинде 2021-2022-окуу жылында өрт коопсуздугу жана техникалык коопсуздук эрежелери боюнча кызматкерлерге инструктаж өткөрүп түшүндүрүү иштерин жүргүзүү боюнча маалымат.**

| | Өткөрүлгөн убагы | Өткөрүлгөн убагы | Өткөрүлгөн убагы | Өткөрүлгөн убагы |
|---|---|---|---|---|
| | Сентябрь | Октябрь | Ноябрь | Декабрь |
| ызматкердин аты жөнү | колу | колу | колу | колу |
| сламов Канимет | | | | |
| ыйканбаев Эдилбек | | | | |
| асымалиева Зарылкан | | | | |
| бдыракманова Аида | | | | |
| ожонова Жаңылкан | | | | |
| октогул у Бакай | | | | |
| үрпүкова Аида | | | | |
| асымалиева Барчын | | | | |
| алыйбек у Аскат | | | | |
| акыт у Арген | | | | |
| улукеева Айганыш | | | | |
| Исаева Замира | | | | |
| Сейталиев Калый | | | | |
| Сейталиева Жазгүл | | | | |
| Хайдулатова Саламат | | | | |
| Бактыбек к Сагида | | | | |
| Рахимов Бахирдин | | | | |
| Исай кызы Анара | | | | |
| Арматова Дина | | | | |
| Ишенбаева Нургүл | | | | |
| Мусилимова Элмира | | | | |
| Жакыпова Фарида | | | | |
| Мусулумов Таабалды | | | | |
| Ширинкулов Каныбек | | | | |
| Мамбетов Уланбек | | | | |
| Таабалды уулу Нурбек | | | | |
| Тилекматова Элмира | | | | |
| Абдырахманова Аида | | | | |
| Мамбетова Дилбар | | | | |
| Коноева Жумакүл | | | | |
| Жумаева Шааркан | | | | |

Директор: Исламов К

Scanner App Lite